**№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде 2019-2020-окуу жылында аткарылган иш чаралар боюнча маалымат**

2019-жылдын 1-сентябрь күнү "Билим күнүнө" карата мектепте салтанат өткөрүлдү.Салтанатка Таш-Көмүр шаардык мэриясынын адиси Т.Э.Эркинов, Таш-Көмүр ГЭСтер каскадына караштуу коммуналдык ишканалар комбинатынын жетекчиси Б.О.Надырбаевдер келип катышты. Класс жетекчилер тарабынан 1-сентябрь "Билим күнүнө" карата 1-4 класстарга "Компьютер менин досум", 5-9-класстын окуучуларына "Санарип технологиялары адамдын турмушунда", 10-11-класстарга "Бүгүнкү күндүн жана санариптик келечектин кесиптери" деген темада тарбиялык сабактар өтүлдү.

5-сентябрда мектепте мектеп президентин шайлоо өткөрүлдү, жана өзүн- өзү башкаруу түзүмү шайланды.

17-сентябрда жалпы ата-энелер жыйыны өткөрүлдү.

23-сентябрь "Мамлекеттик тил" майрамынын 30 жылдыгына карата салтанаттуу линейка өткөрүлдү."Кыргыз эли, эне тилди сактайлы!" деген темада дил баян сынагы уюштурулду.5-11-класстар арасында "Элибиздин түбөлүктүүлүгү-эне тилинде"деген темада адабий кече өткөрүлдү. 9-а классына "Тил- ойдун сандыгы"деген темада класс жетекчиси Б.Т.Турабекова класстан тышкаркы сабак өттү.Ал эми Калдинова Н.С. 11-а классына "Ар бир элдин тили-өзүнө улуу"деген темада тарбиялык ачык сабак өтүп берди.

Т.У.Усубалиевдин 100 жылдыгына карата "Кыргыздын чыгаан уулу","Т.У.Усубаливге 100 жыл" деген темаларда дубал газеталар чыгарылды."Т.У.Усубалиев- коомдук саясий ишмер"деген темада тарбиялык ачык саат өтүлдү.Мектеп китепканасында "Т.У.Усубалиев- коомдук ишмер"деген темада көргөзмө уюштурулду.

"1-октябрь –Карыларды колдоо" күнүнө карата төмөнкү карыларга "Тимурчулар" тобу барып жардам көрсөтүп келишти.С.Кушбакова, А.Шабданов, Д.Омурбаева, Б.Мамажановалар.

15-октябрь күнү "Кылмыштуулуктун алдын алуу" максатында 5-7-класстар арасында "Күз жарманкеси", 16-октябрь күнү 8-9-класстын окуучуларынын арасында "Күз периси - 2019" сынагы, ал эми 18-октябрь күнү 9-10-11-класстын окуучуларынын арасында "Күзгү бал" майрамы өткөрүлдү.

17-октябрь "Аймактарды өнүктүрүү жана санариптештирүү" жылы алкагында "Таланты барды такшалтып,өнөрлүү балдарга өбөлгө түзөлү" деген темада 9-10-11-класстардын арасында интеллектуалдык оюн сабак өткөрүлдү.Сабакты мектептин тарых мугалими Балбаева Дилбаркан Асановна өттү.

20-ноябрда "Жол кыймылынын жаш тескөөчүлөрү" кароо сынагына барып катышып, биздин "Жеткинчек" командасы 3-орунду алды.

21-ноябрь "Кыздар арасында кылмыштуулуктун алдын алуу жана жаш өспүрүмдөрдүн өз өмүрүнө кол салуусу" деген темада кыздар жыйыны өткөрүлдү.

"1-декабрь- Бүткүл дүйнөлүк СПИД илдетине каршы күрөшүү күнүнө" карата" Биз СПИДке каршыбыз" деген темада 9-10-11-класстарга тарбиялык сабактар өтүлдү.

27-ноябрда 9-11-класстын окуучуларына мектептин азем залында СПИД илдетинин пайда болушу жана жугуу, сактануу жолдору жөнүндө видео- ролик көрсөтүлдү. Андан соң аймактык оорукананын үй -бүлөлүк дарыгери Ж.Арстанбекова окуучулар менен суроо- жооп иретинде сынак уюштуруп, мыкты жооп берген окуучуларга өзүнүн белектерин тапшырды.

" 3-декабрь - ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарды колдоо" күнүнө карата Шамалды-Сай аймагына караштуу Фрунзе көчөсүнүн 30-үйүнүн тургуну Кадырбеков Асылбекке мугалимдер тарабынан 1300 (бир миң үч жүз) сом өлчөмүндө жардам көрсөтүлдү.

"3-декабрь- ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарды колдоо" күнүнө карата "Биз бирдейбиз,биз биргебиз" деген темада соц .педагог А.С.Алибаева менен биргеликте Таш-Көмүр шаардык мектептер арасында шаардык семинар өткөрүлдү.

11-декабрда кыздар арасында ар кандай кылмыштуулуктун алдын алуу жана болтурбоо максатында "Кызга кырк үйдөн тыюу" деген темада чогулуш өткөрүлдү.
Чогулушка аялдар кеңешинин төрайымы С.Т. Чаргынова жана Шамалды-Сай аймактык башкармалыгынын башкы адиси С.К.Айдаралиева катышты.

12-декабрда Таш-Көмүр шаарына караштуу Шамалды-Сай аймактык Ш.Өтөбаев атындагы маданият үйүндө "Өспүрүмдөр арасында ар кандай кылмыштуулуктардын алдын алуу жана болтурбоо " боюнча жалпы ата-энелер жыйыны өткөрүлдү.

13-декабрда кыргыз тили жана адабияты мугалими Н.С.Калдинова "Ч.Айтматов-аалам адабиятынын алпы" деген темада адабий кече өткөрдү. Окуучуларга "Кыргыз сыймыгы" деген темада слайд, жазуучунун чыгармаларынан сахналык көрүнүштөр окуучулар тарабынан даярдалып коюлду.Көркөм окуу сынагы өткөрүлдү жана Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы обонду ырларды аткарышты.

17-декабрда кыргыз тили адабияты мугалими Г.И.Токонова "Төрөкулдун Чынгызы-кыргызымдын сыймыгы" деген темада 6-класстын окуучулары менен адабий кече өттү.

25-27-декабрда мектепте окуучуларга "Балаты" майрамы өткөрүлдү.

31-январь " Мектеп рэкети" деген темада Таш-Көмүр шаарындагы №11 жалпы билим берүүчү орто мектебинде семинар тренингге 10-а классынын окуучусу Мырзакаримова Нурайым жана 11-а классынын окуучусу Эргешов Ильяс катышты.

Улуу Жеңиштин 75 жылдыгына карата 5-9-класстын окуучуларына "Эл коргогон жигитти эл сүйөт", "Эр жигит эл четинде,жоо бетинде", 10-классынын окуучуларына "Мен- Ата Мекен сакчысымын !", 11-класстын окуучуларына "Чоку болот тоолордун бийик жери,чокудай бол кыргыздын жигиттери" деген темаларда тарбиялык сааттар өтүлдү.

3-5-класстар арасында сүрөт сынагы өткөрүлдү.Сынакта төмөнкү окуучулар жеңишке жетишти: 6-б классынын окуучусу А.Абдырахманов, 5-а классынын окуучусу И.Болотбеков,6-а классынын окуучусу Г.Эргешова.

Дубал газета сынагында 7-а классынын жана 10-а классынын окуучулары чыгарышкан газеталары эң мыкты деп табылды.

17-февраль күнү 6-7-класстын окуучуларынын арасында кылмыштуулуктун алдын алуу максатында "Патриотизм ар бир атуулдун жүрөгүндө" деген темада "Акыл ордо" таймашы өткөрүлдү.

19-февралда "Унутпагын ата-энеңди салтыңды, унутпагын тарыхыңды калкыңды" деген темада сабактан тышкаркы иш чара өткөрүлдү.Иш чарага 6-11-класстын окуучулары катышты.

2020-жылдын 20-февралында "Обонумда жаңырасың Мекеним,сен деп жашап сага таазим этемин" деген темада 10-а классына Балбаева Дилбаркан Асановна ачык тарбиялык сабак өтүп берди.

21-февраль күнү Шамалды-Сай аймактык маданият үйүндө Мекенди коргоочулар күнүнө карата иш чара өткөрүлдү.Иш чарага биздин мектептин окуучулары катышышты.

24-февраль "Чыныгы жигиттин жүрөгү, эл үчүн согот" деген темада 9-10-11-класстарынын эркек балдары арасында сынак өттү.

Мектептин иш чараларына активдүү катышкан окуучулар мектеп администрациясы тарабынан грамоталар менен сыйланды.

Улуу Жеңиштин 75 жылдыгына карата мектептин китепканасында бурч уюштурулду.

"Адам сатуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү" боюнча төмөнкүдөй иш чаралар жүргүзүлдү:

2-4-класстар арасында "Мен жана менин укугум" деген аталышта сүрөт сынагы өткөрүлдү, 5-9- класстын окуучуларына "Мен адам сатууга каршымын" , "Адам сатуудан сак бол", 9-11-класстар арасында "Адам сатуу азыркынын көйгөйү", "Адам сатуу – бул адам укугун бузуу" деген темаларда дил баяндар алынды.

Кыргыз Республикасынын "Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндөгү" мыйзамынын аткарылышы боюнча "Ишеним кутучулары" жана ишеним телефондору жазылып илинди. "Коррупцияга каршыбыз!" аттуу эскертүүлөр мектеп ичине илинди.

Март айында "Коронавирус " илдети боюнча тарбиялык сааттар өтүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Ошондой эле "Коронавирус " бурчу уюштурулду.

Аралыктан окутуу мезгилинде окуучуларга түшүндүрүү иштери класс жетекчилер тарабынан жүргүзүлүп, тарбиялык сааттар үгүт – чакырык менен өтүлүп жатты.

23-апрель "Бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө" карата тарбиялык сааттар жана онлайн түрүндө класстар аралык сынактары өткөрүлдү.

9-май Улуу Жеңиштин 75 жылдыгына карата бардык класс жетекчилер аралыктан тарбиялык сабактарды өтүштү.

Улуу Жеңиштин 75 жылдыгына арналган "Аталардын эрдиктерин даңктайбыз" аттуу онлайн фестивалына 11-а классынын окуучусу Ч.Айтматовдун "Саманчынын жолу" чыгармасынан "Майсалбектин катын" көркөм окуу менен сынакка катышты.10-а классынын окуучусу Жуманазарова Алтынай жана Хажимырзаева Дариха видео –ролик жасап, сынакка катышышты.

Ошондой эле ар бир класстын окуучулары видео-роликтер боюнча, көркөм окуу боюнча жана сүрөт сынактарына катышышты.

17-май "Энелер күнүнө" карата тарбиялык сааттар өтүлүп, видео сабактар даярдалды.

27-май "Бүтүрүүчү - 2020" боюнча 3 минуталык видеоролик даярдалып КТРга жөнөтүлдү.

30-май күнү мектеп администрациясы ZOOM тиркемеси аркылуу окуучуларды куттуктап каалоо тилектерди айтышты. Ошондой эле "Акыркы коңгуроо -2020" видеосу окуучуларга жөнөтүлдү.

Улуу Жеңиштин 75 жылдыгына арналган "Аталар эрдигин даңктайбыз" аттуу республикалык онлайн - фестивалында "Көркөм окуу" номинациясы боюнча "Дипломант" наамы менен 2-а классынын окуучусу Арыкбаева Нуржан, "Монолог" номинациясы боюнча Момунбекова Айнагүл, "Обондуу ыр" номинациясы боюнча Аскарбекова Саадат Билим берүү жана илим министрлигинин дипломдору менен сыйланышты.

Мектеп директору: Молдобекова Ч.О.
Уюштуруучу: Камчыбекова Б.Б.

**№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде 2020-2021-окуу жылында өткөрүлгөн иш чаралар боюнча маалымат**

"1-сентябрь- Билим күнүнө" карата салтанат онлайн түрүндө өтүлдү. Сентябрь айына айлык план түзүлүп, мектеп директору тарабынан бекитилди. Анын негизинде 1-4- класстарга "Менин сүйүктүү Кыргызстаным", 5-9-класстарына "Сүйүктүү Кыргызстаным ", 10-11-класстарына "Бактылуу үй-бүлө - бактылуу коом", деген темалар боюнча тарбиялык сабактар өтүлдү.

Сентябрь айында онлайн өткөрүлгөн класстык сааттар: "Үйдө бол, эрежени сакта!", "Тилим менен улутмун", "Зордук-зомбулук деген эмне?", "Жер титирөө", "Өндүрүштөгү авариялар жана катастрофалар", "Суицид" .

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик тили жөнүндө" Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 31 жылдыгына карата
2020-жылдын 1-сентябрынан 2020-жылдын 30-декабрына чейин мамлекеттик тилдин 3 айлыгы онлайн түрүндө өтүлдү.

"1-октябрь- Карылар күнүнө" карата Теңдик айылынын жашоочусу А.Бусурманкуловго 500 сом өлчөмүндө жардам мугалимдер тарабынан көрсөтүлдү.

"Күз берекеси" сынагы онлайн түрүндө өткөрүлдү.

Окуучулардын сабактарга онлайн катышуусу класс жетекчилер тарабынан көзөмөлдөнүп турду.

2020-жылдын 1-декабрынан баштап мектеп окуучулары офлайн окуй баштадык. Эпидемиологиялык кырдаалга байланыштуу эрежелерди сактоо жөнүндө
ата-энелерге жана окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

1-декабрь "Бүткүл дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшүү күнүнө" карата иш чаралар онлайн түрүндө өткөрүлдү.

"3-декабрь -майыптар күнүнө" карата Кадырбеков Асылбекке жана Момункулова Жылдызга 900 сомдон жардам мугалимдер тарабынан көрсөтүлдү.

10-декабарь "Бүткүл дүйнөлүк адам укуктарын коргоо" күнүнө карата "Мен жана менин укуктарым" деген темада адам жана коом сабагынын мугалими Балбаева Дилбаркан Асановна онлайн сабак даярдап ютуб каналына жүктөдү. "Менин укугум жана милдетим" деген темада тарбиялык сааттар өтүлүп, окуучулар тарабынан дилбаяндар жазылды.

Улуу жазуучу Ч.Айтматовдун 92 жылдыгына карата иш мерчемдер түзүлүп, мектеп директору тарабынан бекитилип, төмөндөгү иш чаралар өткөрүлдү. "Дүйнөнү дүңгүрткөн Чыңгыз" аттуу дубал газета сынагы өткөрүлдү. Бул сынакта жеңүүчү класс болуп 11-а классы табылды.

Ч.Айтамтовдун 92 жылдыгына карата "12-декабрь- Улуттук адабият күнү" деген темада көргөзмө бурчун китепканачы М.М.Сартаева уюштурду.

"Замандын залкар сүрөткери" деген темада дил баян, эсселер 5-11-класстары тарабынан жазылды. Натыйжада 9-а, 10-11-класстары мыкты көрсөткүчтөрдү көрсөтүп, сыйлоо баракчалары менен сыйланышты. 5-11-класстарына жазуучунун чыгармалары боюнча тасмалар көрсөтүлүп, эскерүү сабактары өтүлдү.

11-декарда 5-б классына "Чыңгыз – түбөлүктүү тема " деген темада тарбиялык ачык сабакты кыргыз тили жана адабият мугалими Н.С.Калдинова өттү.

11-декарда 5-а классына "Унутпайт, сени, кыргызың,
Учугуң улап, уул - кызың " деген темада тарбиялык ачык сабакты кыргыз тили жана адабияты мугалими С.О.Бечелова өтүп берди.

12-декабрда Ч.Т.Айтматовдун 92 жылдыгына карата иш чаралар өтүлдү.

Окуучулардын катышуусу көзөмөлдөнүп жыйынтык чыгарылды.

14-декабрда 7-а классына "Чыңгыз Айтматов- кылым адамы" деген темада адабий кечени кыргыз тили жана адабияты мугалими Г.И.Токонова өткөрдү.

Мугалимдер жана окуучулар тарабынан Чыңгыз Айтматовдун 92 жылдыгына карата онлайн видео-роликтер да даярдалды.

Сүрөт мугалими Г.Р.Оморбекова 5-7-класстар арасында " Айтматовдун каармандары " деген темада сүрөт сынагын өткөрдү. Натыйжада 1-орунга 7-а классынын окуучусу Эсенбекова Айсананын, 2-орунга 7-б классынын окуучусу Уезбаев Арзыбектин, 3-орунга Камбаралиева Акберметтин тарткан сүрөттөрү жакшы деп бааланып, грамоталар менен сыйланды.
Коронавирус оорусу боюнча жат жазуулар 2-11-класстын окуучуларынан алынды.

МАИ кызматкерлери менен жолугушуулар өткөрүлдү.

Декабрь айында "Ден соолукту барктайлы, эрежелерди сактайлы", "Окуучунун милдети жана укугу", "Жол эрежелерин билесиңби?", "Зордук-зомбулук коомдогу орчундуу маселе", "Насвай менен ден соолук дал келбейт", "Ар кандай түрдөгү жаракат алганда биринчи медициналык жардам" жана башка темаларда тарбиялык сабактар өтүлдү.

Тарбиялык журналдар текшерилип кемчилдиктер класс жетекчилерге эскертилди.

Январь айынын өтүлүүчү класстык сааттарынын темалары иштелип чыгып, усулканага илинди.

Январь айында 10-классы "Тамеки өмүргө зыян", 11-классы "Наркомания жана токсикомания" деген темаларда тарбиялык сабактарды өтүштү.

Кырдаалга байланыштуу Кусейин Карасаевдин 120 жылдыгына карата линейка 7-11-класстардын окуучуларына аралыктан өткөрүлдү.
Залкар инсандын өрнөктүү өмүр жолу боюнча башталгыч класстын (1-4-кл.) окуучулары "Кусейин Карасаевдин өмүр баяны" аттуу жат жазуу ишин жазышты. Кусейин Карасаевдин өмүр жолу, коомдогу ээлеген орду тууралуу кеңири маалымат алышты.

5-11-класстар арасында К.Карасаевдин 120 жылдыгына карата дубал газеттерди чыгарышып, "Мыкты дубал гезит" үчүн 9-а класс жана 11-а классы мактоо баракчасы менен сыйланышты. Ал эми 9-11-класстар арасында окумуштуунун эмгектери, илимий мурастары, сөздүктөрү боюнча эссе жазышып, "эң жакшы" жазган окуучулар – Мирзакаримова Н, Кожобекова А. жана Семетеева А. грамоталар менен сыйланышты.

Китепканачы М.Сартаева "Кусейин Карасаевга 120 жыл" деген темада көргөзмө бурчун уюштуруп, залкар инсандын өрнөктүү жолун окуучуларга үлгү катары көрсөттү. Ошондой эле китепканачы "Кусейин Карасаевдин өмүр жолу" жөнүндө слайд жасап, окуучулардын группаларына жөнөттү.

9-11-класстар арасында Кусейин Карасаевдин накыл сөздөрүнүн тарбиялык мааниси, коомдогу ролу, накыл кептерин эл арасына жайылтуу боюнча талкуу жүргүзүшүп, тегерек стол өткөрүштү. Тегерек столго кыргыз тили жана адабияты мугалимдери Ч.Молдобекова, Ч.Джанышбаева, Н.Калдинова жана тарых мугалимдери Д.Балбаева, Н.Айдаралиева катышышты.

Ошондой эле 7-а классына Г.Токонова "Сыймыгыбыз Кусейин Карасаев", 5-а классына С.Бечелова "Дайым жүрөгүбүздө жашайт", 11-а классына "Кусейин Карасаев – Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер" аттуу ачык тарбиялык сабактарды өтүшүп, залкар инсандын өрнөктүү жолун, эмгектерин, илимий мурастарын билүүгө жана баалоого тарбия беришти.

С.Бечелова тарбиялык саатты онлайн түрүндө дагы даярдады. 11-а классынын окуучусу Кутманалы кызы Мырзагүл, 7-а классынын окуучусу Жеңишбек кызы Аяна "Кусейин Карасаевге 120 жыл" деген темада кайтарым байланыш видео- роликтерди даярдашты.

"Тамеки өмүргө зыян" деген темада тегерек стол 9-а,б класстарына өтүлдү.

Педагог, котормочу, публицист, туңгуч лексикограф жана лексиколог К.Карасаевдин жумалыгы өткөрүлдү.

"Кыймыл ден соолукту чыңдайт" деген аталышта волейбол оюну 11-класстар арасында уюштурулду.

Окуучулардын эрежелерди, аралыкты сактоосу дайыма көзөмөлдөнүп турду.

Февраль айында өтүлүүчү иш чаралар иштелип чыгып, мектеп директору тарабынан бекитилди.

"Ар кандай кылмыштуулуктун алдын алуу жана болтурбоо" боюнча бир айлык иш план түзүлүп, анын негизинде иш чаралар өтүлдү.

тарткандыгы үчүн грамота менен сыйланды. 2-а классынын окуучусу А.Имамова эң мыкты спутник макетин жасагандыгы үчүн грамота менен сыйланды.

Апрель айында "Кош, алиппе" майрамы окуучулар менен өткөрүлдү. Апрель айында "Таза мектеп" тазалык акциясы уюштурулуп, мектептин айланасы тазаланып эки жаңгак, алты атыр гүл көчөтү, жети туя, ар түрдүү гүл көчөттөрү себилди.

14-апрель 1-4-класстар арасында "Атам, апам жана мен бирге китеп окуйбуз" аттуу китеп окуу эстафетасы өткөрүлдү. Башталгыч класстарда
ата-энелер менен биргеликте жомок китептерди окушуп, видеолору интернет булактарына жүктөлдү.

15-апрелде 1-4-класстар менен "Китепкана окуучунун сүйүктүү жайы болсун" аттуу китеп жасоо боюнча мастер класс өткөрүлүп китепчелер жасалды.

19- апрель "Менин сүйүктүү жомогум" аттуу сүрөт сынагы өткөрүлдү. Мыкты чыгармалар тандалып 4-а классынын окуучулары Намазбекова Аяна, Имамова Айдеми грамоталар менен сыйланды.

20-апрель "Жомоктор дүйнөсүнө саякат" деген темада жомоктордон үзүндү аткаруу боюнча сынак өткөрүлдү.
3-а классынын окуучулары "Түлкү менен каздар" чыгармасын аткарып беришти.

21-апрель "Китепти сүй, баркын бил" деген темада китеп жөнүндө көркөм окуу сынагы өткөрүлдү. 4-8-класстарынын окуучулары Саматбекова Анжелика, Кутманалиев Бектур, Шамильева Акбермет, Акимбаев Даниэл китеп жөнүндө ырларды көркөм окушту.

2021-жылдын 23-апрель күнү "Китеп билим булагы, билим өмүр чырагы" деген темада адабий кече өткөрүлдү, анда "Китеп биздин доордун күзгүсү" деген аталышта дубал газета, буклет, китептердин макеттери жасалып көргөзмөгө коюлду. Адабий кечеде көркөм окуу, жомоктордон үзүндү аткаруу, ыр, бий, китептин орду тууралуу инсценировкалар аткарылды. "Китеп- алтын казына" деген аталышта эстафета уюштурулду.
"Бир адамдан бир китеп, максатыңа окуп жет" деген саякатчы китеп куржун уюштурулуп, 1-11-класстардын окуучулары көркөм адабий китептерди китепканага тапшырышты.

9-май Улуу жеңиштин 76 жылдыгына карата "Улуу жеңишке 76 жыл", "Жеңишке карай узак жол", "Дүйнөдө тынчтык болсун" деген темаларда тарбиялык сабактар өтүлдү. "Ардагерлердин тылда калган жесирлерине жардам" акциясына биздин мектеп да катышып Абайдуллаев көчөсүнүн жашоочусу С.Абайдуллаевага мугалимдер тарабынан 970 сом акчалай жардам көрсөтүлдү.

Кыргыз тилинин негиздөөчүсү, кыргыз жазма адабиятынын баштоочуларынын бири, акын, мамлекеттик жана коомдук ишмер, биринчи кыргыз профессору К.Тыныстановдун 120 жылдыгына карата 3-майда салтанаттуу линейка өткөрүлдү. "Кыргыз жазма адабиятынын баштоочусу" деген темада бурч уюштурулду. "Баатырлар катаал күндө жаралат" деген темада тегерек столду 10-11-класстарына тарых мугалими Н.Айдаралиева, 9-а, б класстарына "К.Тыныстанов кыргыз тилинин негиздөөчүсү" деген темада суроо жооп викторинасын кыргыз тил жана адабият мугалими Ч.Джанышбаева өтүп беришти.

25-май "Акыркы коңгуроо" күнү онлайн форматында өткөрүлдү. Салтанаттуу аземдин видео- ролиги ютуб каналына жүктөлдү.

Мектеп директору: Молдобекова Ч.О.
Уюштуруучу: Камчыбекова Б.Б.

**№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде 2021-2022-окуу жылында өткөрүлгөн иш чаралар боюнча маалымат**

Окуу жылынын башында бир жылдык иш план түзүлүп, мектеп директору тарабынан бекитилди.

1-сентябрь "Билим күнүнө" карата 1-4-класстар арасында "Ата Журтум-асыл Мекеним"

5-9-класстарга "Түбөлүккө желбирей бер эгемендик желеги", 10-11-класстарга "Мекенибиз Кыргызстан эгемендүүлүк жолунда" деген темаларда класстык сааттар өтүлдү. Мектептин өзүн-өзү башкаруу түзүмдөрү: "Мектеп парламенти", "Милициянын жаш жардамчысы", "Алдын алуу кеңеши", "Өспүрүмдөрдү өрттөн сактоо кошунунун" курамдары түзүлүп, мектеп директору тарабынан бекитилди.

23-сентябрь- Мамлекеттик тил майрамынын 32 жылдыгына карата 9-11-класстар арасында "Эне тилим-менин сыймыгым" деген ураандын астында дубал газеталары чыгарылды. "Тилим менин-жан дилим" деген темада салтанаттуу линейка өткөрүлдү.

"Улут болсом тилим менен улутмун" деген темада 6-а классына кыргыз тили жана адабияты мугалими С.Бечелова тарбиялык ачык саат өтүп берди.

"Эне тилим-менин сыймыгым" деген темада 1-5 класстар арасында сүрөт конкурсун Акматова Бааркан Султанбековна өткөрдү. "Кыргыз тили кыргыз элинин улуттук тили, улуттук маданияттын очогу" деген аталышта адабий кече кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмеси тарабынан өткөрүлдү.

Октябрь айындагы карылар күнүнө карата "Карысы бардын ырысы бар", "Жаш кезде берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү", "Кары адамга ким сый-урмат көрсөтсө, ал сөзсүз кийин кайтат", "Нускалуу карыя болбой, ыймандуу жаш болбойт" деген темаларда класстык сааттар өтүлдү.

Мугалимдер тарабынан Шамалды-Сай аймагынын тургундары Тотонов Надырбек, Астакулова Жамила, Азырова Гүлипа энелерге белектер карылар күнүнө карата берилди.

"Берекелүү күз" жарманкеси 5-8-класстарга жана 9-10-11-класстарга күзгү балл өткөрүлдү.

Эвакуациялык машыгуулар жыл ичи 2 жолу өткөрүлөт. 2-4-класстар арасында "Күч бирдикте" аттуу спорттук мелдеш, "Кыймыл ден соолукту чыңдайт" аттуу спорттук мелдештер (волейбол, футбол) боюнча 8-11-класстар арасында өткөрүлдү. Дене тарбия мугалимдери менен биргеликте . "1-декабрь- Бүткүл дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшүү күнүнө" карата акцияга лозунгдарды, плакаттарды, сүрөттөрдү даярдап активдүү катышты. Акцияга аймактык 3 мектеп, колледж, аймактык ооруканаНын кызматкерлери катышты.

4-декабрь "Манас күнүнө" карата "Манас таануу" сынагын 8-а,б класстар арасында кыргыз тили жана адабияты мугалими Төкөнова Гүлжамал Ибраимовна чыгармачылык изденүү менен окуучулар арасында жогорку деңгээлде өтүп берди. "10-декабрь- Бүткүл дүйнөлүк адам укуктарын коргоо күнүнө" карата тарых мугалими Балбаева Дилбар Асановна "Менин укугум адамзаттын коргоосунда" деген темада окурмандардын өз алдынча даярдалган ачык сабагын өтүп берди. Эжеке чыгармачылык эргүү менен иштейт. Улуулугуна карабай аткарылуучу иштерди жан дили менен берилип өткөрөт.

Ошондой эле Чыңгыз Айтматовдун 93 жылдыгына жана А.Осмоновдун көз жумган күнүнө карата "Өчпөс жылдыздар" аттуу адабий кече 7-11-класстар арасында Калдинова Нурила Советбековна жетектеген кыргыз тили жана адабият мугалимдери тарабынан тынбай эмгектенүүнүн натыйжасында эң жакшы деңгээлде өтүлдү. Ошондой эле 9-а жана 9-б класстар арасында "Айтматов дүйнөсүнө саякат" деген темада сынак да Нурила Советбековна тарабынан өткөрүлдү. Бул мугалимибиз да дайым изденүү, чыгармачылык менен иштейт.

26-27-28-декабрь күндөрү 1-11-класстарына "Жаңы жыл" майрамы өткөрүлүп берилди.

Зомбулуксуз мектеп. "Мектеп рэкети- жалпы коом көйгөйү" темасында ИДН менен биргеликте иш-чаралар, тарбиялык сааттар, чогулуштар өтүлдү. "Мен жана менин мектебим" деген темада анкеталар соц.педагог тарабынан алынды. "Өмүр бир келет", "Адам укугу деген эмне?" "Зордук зомбулуксуз жашоо" жана башка темаларда тарбиялык сааттар өтүлдү.

"21-февраль -Эл аралык эне тил күнүнө" карата "Ар бир элдин тили өзүнө улуу" аттуу адабий кечелер кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин мүчөлөрү тарабынан жана бирикменин жетекчиси Нурила Советбековна тарабынан жогорку деңгээлде өткөрүлдү.

"23-февраль- "Ата Мекенди коргоочулар күнүнө" карата 5-а,б класстар арасында сынак уюштурулду.

Ошондой эле "Эл аралык эне тил күнүнө" карата 22-февралда согуштук жана патриоттук ырлар жана көркөм окуу сынагына 5-а классынын окуучусу Абдурасулов Айдар, 8-а классынын окуучусу Эргешалиева Айдана катышты.

"Кыргыз Республикасынын Туусуна 30 жыл" деген темада 1-11-класстарына тарбиялык сааттар өтүлдү.

3-март- Туу күнүнө карата "Кыргыз Республикасынын Туусунун тарыхы" деген темадагы доклад 10-11-класстын окуучуларына конференцияда окулуп, талкуу жүргүзүлдү. Доклад тарых мугалими Н. Айдаралиева тарабынан даярдалды.

Китепканада китеп көргөзмөлөрү уюштурулду.

Көркөм окуу сынагы 4-а,б класстарынын арасында өткөрүлдү. Сынактын жеңүүчүсү болуп, $4^{а}$- классынын окуучусу А.Жанарбекова табылды жана грамота менен сыйланды.

Туу жана Ак калпак күнүнө карата 6-7- класстарынын арасында "Акыл ордо" интеллектуалдык оюну өткөрүлдү. Оюндун жыйынтыгында жеңүүчү катары $7^{а}$- классынын окуучусу А.Джанышбаева грамота менен сыйланды.

7-мартта "Кыз адеби кымбат "деген темада "Кана эмесе, кыздар" сынагы $8^{а}$ жана $8^{б}$- класстарынын кыздарынын арасында өткөрүлүп, "Кызгалдак"жана "Каныкей" командалары жарышып, жыйынтыгында эки команда тең упайга ээ болушту. Командалар грамоталар менен сыйланды.Класс жетекчилер: 8-а класс Эргешова А. 8-б класс Токонова Г.

"Гүлдөр майрамы" чыгармачылык композициялар көргөзмөсүнө
2-а классы жана класс жетекчиси А.Омекова, 4-а классы, класс жетекчиси Ж.Бакирова,
5-а классы, класс жетекчиси Ч.Шавданова, 7-б классы, класс жетекчиси Г.Оморбекова,
6-а классы, класс жетекчиси С.Бечелова эң активдүү катышып,кагаздан, кебезден эң сонун гүлдөрдү жасашты.

18-мартта Нооруз майрамына карата 8-11-класстар арасында "Сармерден" оюну өткөрүлдү.

Жыл ичинде эстетикалык сабактар усулдук бирикмеси тарабынан "Эне кымбат баарынан" аттуу адабий кече өткөрүлдү.

Математика мугалими А.Эргешова тарабынан 9-аб класстарына "Математика-турмушта" аттуу сынак өткөрүлдү.

Ошондой эле орус тили жана чет тили усулдук бирикмеси тарабынан "Пушкинские вечера" аттуу класстан тышкаркы иш-чаралар өтүлдү.

Ал эми тарых жана табигый илимдер усулдук бирикмеси "Ата Мекен кыйын күнгө кабылганда, айлансын ар бир уул-кызың чагылганга" деген темада шаардык семинар өткөрүштү.

Чейрек сайын "Таза класс, таза мектеп" акциясын өткөрүп жаттык. Кесипке багыт берүү иштери 9-11-класстар арасында жүргүзүлдү.

Улуу жеңиштин 77 жылдыгына карата 1-11-класстарына тарбиялык сабактар өтүлдү.
"Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук" жылы алкагынын негизинде Улуу жеңиштин 77 жылдыгына карата ошондой эле өспүрүмдөр арасында ар кандай кылмыштуулуктун алдын алуу" максатында аскердик даярдык боюнча шаардык мектептер арасында өткөрүлгөн сынакка биздин мектептин "Ак шумкар" командасы катышып 1-орунду алышты.

19-майда В. И.Ленин атындагы пионерлер уюмунун 150 жылдыгына карата салтанаттуу линейка өткөрүлдү.

9- июнда "Акыркы коңгуроо" салтанаты өткөрүлдү.

Мектеп директору: Джанышбаева Ч.Т.
Уюштуруучу: Камчыбекова Б.